Келечекте силер алардын кээ бир ишине ыраазы болуп, кээ бир ишинен кайтара турган башчылар чыгат. Ким алардын жаман ишин (жүрөгү менен) жактырбаса, (күнөөдөн же эки жүздүүлүктөн) кутулат. Ким аларды (тили же колу менен) кайтарса, алар менен чогуу болуудан өзүн куткарат. Бирок (алар менен күнөө жана азапта бирге болот) ким аларга ыраазы болуп, ээрчисе

Ыймандуулардын энеси Умму Салама (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан: "Келечекте силер алардын кээ бир ишине ыраазы болуп, кээ бир ишинен кайтара турган башчылар чыгат. Ким алардын жаман ишин (жүрөгү менен) жактырбаса, (күнөөдөн же эки жүздүүлүктөн) кутулат. Ким аларды (тили же колу менен) кайтарса, алар менен чогуу болуудан өзүн куткарат. Бирок (алар менен күнөө жана азапта бирге болот) ким аларга ыраазы болуп, ээрчисе ". "Аларга каршы чыгалыбы?" - дешти. "Жок, намаз окушса (аларга каршы чыкпагыла)" - деди.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келечекте бизге чыга турган башчылар жөнүндө кабар берген. Алардын кээ бир иштери шариятка дал келгендиктен аларды аткарабыз. Кээ бир иштери шариятка каршы келгендиктен, аларды аткарбайбыз. Ким туура эмес ишти кайтарууга кудурети жетпегендиктен жүрөгү менен жек көрүп, четке какса, ал күнөөдөн жана эки жүздүүлүктөн кутулат. Ал эми колу же тили менен кайтарууга кудурет жетип аларды кайтарса, күнөөдөн жана аларга шериктеш болуп калуудан саламат болот. Ал эми ким аларга ыраазы болуп, алардын жаман иштерин кошо аткарса, алар туш болгон азапка туш болот. Ошенткенде сахабалар: "Ушундай сыпаты бар башчыларга каршы чыгалыбы?" деп сурашты. Аларды андай кылуудан тыйып: "Жок, араңарда намаз окуп турушканда (аларга каршы чыкпагыла)" - деди.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3481